# "Салымбеков Университети" мекемесинин жогорку окуу жайдан кийинки кесиптик программаларын аккредитациялоонун алдын ала жыйынтыктары

Төрага:

**Алиев Рамиль Равиевич,**
Б.Н.Ельцин атындагы КРСУ, Урология кафедрасынын докторанты, врач-уролог, м.и.к.

Комиссия мүчөлөрү:

002
Акушерство жана гинекология (ординатура)

**Узакова Аида Орозалиевна,**
Акушер-гинеколог, PhD,
ЭЖММ, Акушерство жана гинекология кафедрасынын доценти.

133
Урология (ординатура)

**Байсалов Мирбек Казиевич,**
И.К.Ахунбаев атындагы КММА,
№ 7 Академиялык клиниканын директору,
"Республикалык диагностикалык-дарылоо борбору" ... уролог, м.и.к.

Референт:

**Мамбеталиева Светлана Мелетбековна,**
ББПУАА директору, т.и.к..

*07.03.2026-ж. -08.03.2026-ж.*

# БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫН ЖАНА УЮМДАРЫН АККРЕДИТАЦИЯЛОО БОЮНЧА АГЕНТТИГИ (ААЕРО)

**Салымбеков Университетинде ишке ашырылып жаткан**
**133 «Урология» (ординатура),**
**002 «Акушердик жана гинекология» (ординатура)**
**дипломдон кийинки билим берүү программаларын аккредитациялоонун алдын ала жыйынтыктары**

## СТАНДАРТ 1. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫН ИШТЕП ЧЫГУУ ЖАНА МОНИТОРИНГ ЖҮРГҮЗҮҮ

**Алсыз жактары:**

1. Системалык тобокелдиктерди өз убагында аныктоо үчүн баалоо маалыматтарына жетишерлик деңгээлде терең талдоо жүргүзүлбөйт.

**Сунуштар**:

1. 01.09.2026-жылга чейин ординаторлорду даярдоонун сапатына таасир этүүчү системалык тобокелдиктерди аныктоо жана аларды жоюу боюнча түзөтүү чараларын иштеп чыгуу максатында баалоо маалыматтарын терең аналитикалык иштетүүнү күчөтүү боюнча иш-чаралар планын иштеп чыгып, ишке киргизүү.

**Стандарт 1 эскертүүлөр менен аткарылууда.**

## СТАНДАРТ 2. КАБЫЛ АЛУУ ЖАНА ОКУУНУН НАТЫЙЖАЛАРЫН ТААНУУ

**Алсыз жактары:**

1. Ординаторлордун окуу натыйжаларын таануу процесстерине иш берүүчүлөр жана практикалык саламаттык сактоо уюмдары жетиштүү деңгээлде тартылбайт.

**Сунуштар**:

1. 01.09.2026-жылга чейин ординаторлордун окуу натыйжаларын таануу процесстерине иш берүүчүлөрдү жана практикалык саламаттык сактоо уюмдарын кеңири тартуу боюнча иш-чаралар планын иштеп чыгып, ишке киргизүү. Анын ичинде жетишилген окуу натыйжаларын баалоого катыштыруу, кесиптик компетенцияларды талкуулоо жана билим берүү уюму менен өз ара аракеттенүүнү өркүндөтүү каралышы керек.

**Стандарт 2 эскертүүлөр менен аткарылууда.**

## СТАНДАРТ 3. ИНСАНГА БАГЫТТАЛГАН ОКУТУУ ЖАНА БИЛИМ АЛУУЧУЛАРДЫН БИЛИМ АЛУУ ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИН БААЛОО

**Күчтүү жактары:**

1. Ординаторлордун активдүү академиялык мобилдүүлүгү (Корея, Индия, Малайзия).
2. Окутуунун заманбап инновациялык технологиялары жана ыкмаларынын болушу (PBL, CBL, TBL).

**Стандарт 3 аткарылууда**

## СТАНДАРТ 4. ПЕДАГОГИКАЛЫК ЖАНА ОКУУГА КӨМӨКЧҮ ПЕРСОНАЛ

**Стандарт 4 аткарылууда**

## СТАНДАРТ 5. МАТЕРИАЛДЫК ЖАНА МААЛЫМАТТЫК РЕСУРСТАР

**Күчтүү жактары:**

1. Заманбап инфраструктура: Симуляциялык-муляждык борбор, DOC University Hospital, дүйнөлүк деңгээлдеги Кыргыз-Америка лабораториясы DOCLAB (патоморфология, иммуногистохимия, молекулярдык биология), FISH-лаборатория.

**Сунуштар:**

1. 01.09.2026-жылга чейин илимий-изилдөө иштерин натыйжалуу жүргүзүү үчүн шарттарды түзүү максатында изилдөө лабораторияларын заманбап жабдуулар менен этап-этабы менен жаңылоо жана кошумча жабдуу боюнча план иштеп чыгып, ишке киргизүү.

**Стандарт 5 аткарылууда.**

## СТАНДАРТ 6. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫ БОЮНЧА ИЛИМИЙ-МЕТОДИКАЛЫК ЖАНА ИЛИМИЙ-ИЗИЛДӨӨ ИШТЕРИ

**Күчтүү жактары:**

1 Университет дүйнөнүн ар кайсы өлкөлөрүндөгү 50дөн ашуун алдыңкы ооруканалар, лабораториялар жана университеттер менен тыгыз кызматташат (АКШ, Германия, Венгрия, Түркия, Япония, Түштүк Корея, Малайзия, Кытай. Россия, Өзбекстан, Казакстан жана башка өлкөлөр). Бул университеттин илимий мүмкүнчүлүктөрүн бекемдеп, окутуунун эл аралык деңгээлин камсыздайт.

**Алсыз жактары:**

1. Ординаторлордун тышкы илимий активдүүлүгүнүн деңгээли жетишсиз, анын ичинде стажировкаларга, академиялык мобилдүүлүк программаларына, университеттер аралык жана эл аралык изилдөө демилгелерине катышуусу.

2. Ординаторлордун публикациялык активдүүлүгүнүн деңгээли жетишсиз, айрыкча рецензияланган жана авторитеттүү илимий басылмалардагы макалалар боюнча.

**Сунуштар:**

1. 01.09.2026-жылга чейин ординаторлордун тышкы илимий активдүүлүгүн жогорулатууга багытталган комплекстүү иш-чаралар планын иштеп чыгып, ишке киргизүү. Анын ичинде стажировкаларга, академиялык мобилдүүлүк программаларына, ошондой эле университеттер аралык жана эл аралык изилдөө демилгелерине катышуусун кеңейтүү каралышы керек. Натыйжаларды жыл сайын талдоо жана түзөтүү чараларын колдонуу.
2. 01.09.2026-жылга чейин ординаторлордун публикациялык активдүүлүгүн стимулдаштырууга багытталган иш-чаралар планын иштеп чыгып, ишке киргизүү. Ошондой эле алардын рецензияланган жана авторитеттүү илимий басылмаларда макала даярдоого жана жарыялоого кызыгуусун арттыруучу механизмдерди өнүктүрүү, жыл сайын натыйжаларды талдоо жана түзөтүү чараларын колдонуу.

**Стандарт 6 эскертүүлөр менен аткарылууда**

## СТАНДАРТТАРДЫН АТКАРЫЛЫШЫН БААЛОО

**Стандарт 1 — эскертүүлөр менен аткарылууда**
**Стандарт 2 — эскертүүлөр менен аткарылууда**
**Стандарт 3 — аткарылууда**
**Стандарт 4 — аткарылууда**
**Стандарт 5 — аткарылууда**
**Стандарт 6 — эскертүүлөр менен аткарылууда**

**Аккредитациялык чечим боюнча эксперттик комиссиянын долбоору:**

**Салымбеков Университетинде ишке ашырылып жаткан дипломдон кийинки билим берүү программаларын:**

- **133 «Урология» (ординатура)**
- **002 «Акушерлик жана гинекология» (ординатура)**

**5 жылдык мөөнөткө аккредитациялоону сунуштайт.**

***07-08.04.2026 г.***